**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Айтбай Абдыкадыровдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2018-жылдын 22-майындагы № 21 аныктамасына даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

# ТОКТОМУ

2018-жылдын 28-июну Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, сот отурумунун катчысы К.А. Аблакимовдун катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, А. Абдыкадыровдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2018-жылдын 22-майындагы № 21 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана А. Абдыкадыровдун өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

# Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2018-жылдын 17-апрелинде жаран А. Абдыкадыровдун Кыргыз Республикасынын «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» Мыйзамынын 7-беренесин, 12-беренесинин 1-бөлүгүнүн 13-пунктун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

А. Абдыкадыровдун пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Башкы сот аткаруучунун Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин макулдугу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалышы жана кызмат ордунан бошотулушу Конституциянын ченемдерине карама-каршы келет жана түшүнбөстүктөрдү жаратат. Анткени Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти Жогорку соттун курамына кирбейт. Ал эми азыркы кездеги коомдун сот бийлигине болгон ишениминин деңгээлин эске алганда, сот чечимдерин аткаруучу кызматты сот системасына бириктирүү туура эмес.

Ошондой эле, жогоруда аталган Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин башчысы "Башкы сот аткаруучу" деп белгиленген. Бирок иш жүзүндө мыйзамга ылайык жазылбастан, Сот департаментинин директору, ал эми анын областтык башкармалыктарынын жетекчилери - Сот департаментинин башкармалыгынын башчысы, деп аталып жүрүшөт. Арыздануучунун айтымында, мындай аталыштардын ортосунда чоң айырмачылыктар бар жана алар талаштарды жаратат.

Андан тышкары, А. Абдыкадыров өз өтүнүчүндө «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» Мыйзамдын 12-беренесинин 1-бөлүгүнүн 13-пунктунун «аткаруу иш-аракеттеринин өндүрүш процессинде зарыл болгон учурларда соттук приставдарга жардам үчүн кайрылууга укуктуу» деген ченеми түшүнбөстүктөрдү жаратып, мыйзамдардын аткарылышына терс таасирин тийгизүүдө деп белгилейт. Анткени Кыргыз Республикасында соттук приставдар жок деп арызданууччу өз арызында белгилеген.

Жогоруда баяндалган жүйөлөрдүн негизинде, А.Абдыкадыров аталган Мыйзамдын 7-беренесинин, 12-беренесинин 1-бөлүгүнүн 13-пунктунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-беренесинин 3-бөлүгүнө болгон карама-каршылыгы тууралуу түшүндүрмө берүүнү суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып, 2018-жылдын 22-майындагы № 21 аныктамасы менен төмөнкүдөй негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер алар тарабынан бузулуп жатат деп эсептелсе ар бир адам мыйзамдын жана башка ченемдик укук актыларынын конституциялуулугун талашууга укуктуу.

Бул конституциялык орнотмодон жарандардын, жеке жана юридикалык жактардын мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмү менен каралган адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери бузулган же бузула турган учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайрылуу укугу пайда болору келип чыгат.

Бирок, арызданууучунун талабы Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен таанылган адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулуусуна негизделбестен, талашылып жаткан ченемдердин Кыргыз Республикасынын сот системасынын негиздерин аныктоочу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-беренесинин 3-бөлүгүнө негизделет. Өз кезегинде жарандар, жеке жана юридикалык жактар талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө маселени Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмү менен каралган адамдын жана жарандын конкреттүү укуктары менен эркиндиктеринин бузулушун көрсөтпөстөн, конституциялык түзүлүштүн негиздери тууралуу конституциялык талаптарга ылайык келүүсү жагынан кое алышпайт.

Ошентип, кайрылууда келтирилген талаптар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмү менен каралган адамдын жана жарандын конкреттүү укуктары жана эркиндиктери менен тутумдаш байланышта турбайт жана талашылып жаткан ченем менен алардын бузулушун көрсөтпөйт, демек, жаран А. Абдыкадыров каралып жаткан өтүнүчтө баяндалган талаптардын алкагында кайрылуу субъекти боло албайт.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык эгерде кайрылуу тиешелүү эмес органдан же жактан (субъекттен) келип түшсө жана кайрылууда билдирилген талап Конституциялык палатанын кароосуна караштуу болбосо судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат деп көрсөтүү менен судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алган.

А. Абдыкадыров судьялар коллегиясынын 2018-жылдын 22-майындагы аныктамасы менен макул болбой, 2018-жылдын 11-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Арызданууучу өз даттануусунда судьялар коллегиясы адамдын жана жарандын укугун коргоодо өзүнүн ички туюму менен калыс чечим чыгаруудан алыстаган, кайрылууда коюлган талаптарды ар тараптуу изилдеген эмес жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 18-беренесин одоно бузган деп белгилөөдө.

Арызданууучунун айтымында, сот аткаруучулар кызматынын сот системасынын курамында болуусу элдин ишениминин төмөндөшүнө, наразычылыктардын пайда болушуна алып келип, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдерине ылайык келбейт.

Ошентип, сот аткаруучулар кызматы бүткүл коомго кызмат кылбастан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна жана сот системасына кызмат өтөөдө, өз кезегинде бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет.

Даттануунун калган бөлүгүндө кайрылууда келтирилген жүйөлөр кайталанып көрсөтүлгөн.

Жогоруда келтирилген жүйөлөрдүн негизинде А. Абдыкадыров Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2018-жылдын 22-майындагы № 21 аныктамасын жокко чыгарып, Кыргыз Республикасынын «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» Мыйзамынын 7-беренесин, 12-беренесинин 1-бөлүгүнүн 13-пунктун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө 2018-жылдын 17-апрелиндеги өтүнүчүн маңызы боюнча кароону сураныууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

Арызданууччу, өз кайрылуусунда Кыргыз Республикасынын «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» Мыйзамынын конституциялуулугу талашылып жаткан ченемдери менен адамдын жана жарандын кайсы конституциялык укуктары менен эркиндиктери бузулуп жатканын көрсөткөн эмес. Судьялар коллегиясынын аныктамасында белгиленгендей, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери бузулган же бузулушу мүмкүн болгон учур гана жеке жактар менен юридикалык жактарда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайрылуу укугунун пайда болуусун жаратат.

Ал эми арызданууччу өз кайрылуусунда сот департаментинин сот бийлигинин тутумуна кириши конституциялуулукка күмөн туудурат деген маселени коюп жатат. Бирок, коюлуп жаткан бул маселе мамлекеттик жогорку бийлик органдырынын компетенциясына байланыштуу болуп жаткандыктан, бул маселени ошол тиешелүү бийлик органдары гана козгой алууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Мыйзамынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына ылайык ыйгарым укук тууралуу маселелер боюнча кайрылуу укугу өзүлөрүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында мамлекеттик бийлик органдарына гана таандык.

Ушуга байланыштуу, судьялар коллегиясынын, А. Абдыкадыров койгон талаптарынын алкагында кайрылуу субъекти боло албайт деген тыянагы негиздүү болуп саналат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы, судьялар коллегиясынын 2018-жылдын 22-майындагы № 21 аныктамасын жокко чыгарууга негиз тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык

Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Айтбай Абдыкадыровдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жаран Айтбай Абдыкадыровдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2018-жылдын 22-майындагы № 21 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канааттандырылбаган калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**

Бул иш боюнча судья Ч.А. Айдарбекова, М.Ш. Касымалиев жана Э.Ж. Осконбаевдин өзгөчө пикири бар (төмөндөгүнү караңыз).

Айтбай Абдыкадыровдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2018-жылдын 22-майындагы № 21 аныктамасын бузуу жонундо даттануусу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2018-жылдын 28-июнунда кабыл алынганган токтомуна карата судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Ш. Касымалиев, Э.Ж. Осконбаевдин

**Ө З Г Ө Ч Ө  П И К И Р И**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тарабынан 2018-жылдын 28-июнунда А.Абдыкадыровдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2018-жылдын 22-майындагы № 21 аныктамасын бузуу жөнүндө даттануусу боюнча кабыл алынган токтому менен жалпысынан жана резолютивдик бөлүгү менен макул болуп, бирок келтирилген айрым жүйөлөрү менен макул болбогодуктан өзгөчө пикирибизди билдиребиз.

Кабыл алынган токтомдо “мамлекеттик жогорку бийлик органдырынын компетенциясына байланыштуу болуп жаткан маселени ошол тиешелүү бийлик органдары гана козгой алууга укуктуу” деген укуктук позиция Конституциянын үстөмдүгү принцибине туура келбейт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жарандарга, жеке жана юридикалык жактарга конституциялык сот адилеттигине кайрылуу мүмкүнчүлүгү жогорку даражада камсыз кылынып, ошол эле учурда, алардын мыйзамдардын конституциялуулугун текшерүүнү талап кылуу укугунун пайда болуусу үчүн өзгөчө шарт белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык бул шарттын маңызы Конституциянын экинчи бөлүмүндө таанылган адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери бузулган же бузулушу мүмкүн болгон учурда гана жарандар, жеке жана юридикалык жактар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайрылуу укугунун пайда болуусунда жатат.

Ал эми арызданууучу өз кайрылуусунда «Сот аткаруучуларынын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын конституциялуулугу талашылып жаткан ченемдери адамдын жана жарандын кайсыл конституциялык укуктары жана эркиндиктери менен тутумдаш байланышта болуп туруп, алардын бузулуп жатканын көрсөтүп, тийиштүү укуктук жүйөлөрдү келтирген эмес.

Андыктан, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын А. Абдыкадыров койгон талаптарынын алкагында кайрылуу субъекти боло албайт деген тыянагын негиздүү деп эсептеп, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2018-жылдын 22-майындагы № 21 аныктаманы жокко чыгарууга негиз таппаганы туура.

Бирок, токтомдун жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө келтирилген, арызданууучу көтөрүп жаткан Сот департаменти сот бийлигинин тутумуна кириши конституциялуулукка жатпайт деген маселе мамлекеттик жогорку бийлик органдырынын компетенциясына байланыштуу болгондуктан, бул маселени тийиштүү бийлик органдары гана козгой алат деген тыянак чоң күмөн туудурат.

Конституциялык контролду жүзөгө ашыруучу органдын эң алгачкы милдети - Конституциянын үстөмдүгүн орнотуу болуп саналат. Бул милдетти толук кандуу аткаруу үчүн конституциялык контроль эбегейсиз мүнөзгө ээ болушу керек. Эгерде компетенция маселеси боюнча кайрылуу укугу мамлекеттик бийлик органдарына өзүлөрүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында гана таандык десек, бул көз караш конституциялык контролдун жасалма түрдө чектелишине алып келет. Мамлекеттик органдардын компетенция маселеси адам жана жарандын укуктары менен эркиндиктерине таасирин тийгизип, же болбосо, Конституцияда бекитилген мамлекеттик бийликтин түзүлүшү принциптерин бузууга алып келиши толук мүмкүн.

Аталган укуктук позиция Кыргыз Республикасынын 16-беренесинин экинчи абзацында көрсөтүлгөн ченемге дагы дал келбегенин атап кетишибиз

керек. Ага ылайыктуу, адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет; алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин мааниси менен мазмунун аныктайт. Демек, бардык мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясы адамдардын укуктары жана эркиндиктери менен тыгыз байланышта болушу керек. Анткени алардын ишмердүүлүгү Конституцияда көрсөтүлгөн жогорку баалулуктарды сактап калуу жана аларды коргоо үчүн багытталган.

Ошондом улам, мамлекттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясы боюнча укуктук маселе жарандар, юридикалык жактар жана башка мамлекеттик органдар тарабынан Конституциялык палатасында көтөрүлсө болот, бирок ал маселе адам укуктуары жана эркиндиктери менен тыгыз тутумдаш башланышта болушу керек. Албетте, койюлуп жаткан укуктук маселе мыйзамда жана башка укуктук ченемдик актыда көрсөтүлгөн мамлекеттик органдын компетенциясы адамдардын конституциялык укуктарын же эркиндиктерин бузуп же бузууга алып келишине күмөн жараткан учурда конституциялык өндүрүштүн предмети боло алат деп эсептейбиз.

Ушундай жагдайларда Конституциянын үстөмдүгүн жана адам менен жарандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу үчүн «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндөгү» конституциялык Мыйзамдын 20-беренесинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн субъектилердин аталган конституциялык Мыйзамдын 20, 24, 25, 28-беренелеринин талаптарына жооп берген ар биринин кайрылуусу Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасында конституциялык сот өндүрүшү алкагында каралууга тийиш.

Судьялар: Ч.А. Айдарбекова

М.Ш. Касымалиев

Э.Ж. Осконбаев